КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ
ЫСЫК-КӨЛ ОБЛАСТЫ
ЖЕТИ-ӨГҮЗ РАЙОНУ

БАРСКООН АЙЫЛ АЙМАГЫНЫН
ЖЕРГИЛИКТҮҮ КЕҢЕШИ

КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА
ИСЫК-КУЛЬСКАЯ ОБЛАСТЬ
ДЖЕТИ-ОГУЗСКИЙ РАЙОН

МЕСТНЫЙ КЕНЕШ БАРСКООНСКОГО
АЙЫЛНОГО АЙМАКА

**Барскоон айыл аймагынын жергиликтүү кеңешинин**
**I -чакырылышынын III-кезектеги сессиясынын**

# ТОКТОМ

2025-жылдын 14-февралы №5 Барскоон айылы

**Барскоон айыл аймагында калкка техникалык тейлөө көрсөтүп, тиричилик калдыктарын чыгаруу иштерин алып баруучу муниципалдык ишкана түзүү жөнүндө**

Барскоон айыл аймагында экологиялык нормаларды сактоо аркылуу, таштандыларды чыгаруу, калкка техникалык кызмат көрсөтүү багытында жергиликтүү маанидеги маселелерди ыкчам чечүүнү камсыз кылуу, аймактын экономикалык өсүп-өнүгүүсүнө түрткү берүү максатында КРнын Граждандык Кодексинин 85-беренесине, КРнын “Жергиликтүү мамлекеттик администрация жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары жөнүндө” Мыйзамынын 65-беренесине таянып, ошондой эле Барскоон айыл өкмөтүнүн башчысы А.Т.Асанбаевдин муниципалдык ишкана түзүү боюнча сунуштаган техникалык-экономикалык негиздемесине жана туруктуу комиссиялардын (бюджеттик жана муниципалдык менчик) корутундуларына ылайык күн тартибиндеги маселени талкуулап, сунуш-пикирлерди эсепке алуу менен **Барскоон жергиликтүү кеңеши токтом кылат:**

1. Барскоон айыл аймагында мурдагы “Барскоон-Сервис” муниципалдык ишканасын, “Ак-Түз Тазалык” муниципалдык ишканасын, “Махмуд Кашкари” муниципалдык ишканасын, “Иштерман ТТ” муниципалдык ишканасын жана “Аракет-плюс” муниципалдык ишканасын бириктирүү жолу менен, жаңы калкка техникалык кызмат көрсөтүүчү, тиричилик калдыктарын чыгарууну алып барган муниципалдык ишкана түзүүгө макулдук берилсин.
2. Барскоон айыл өкмөт башчысы А.Т.Асанбаев белгиленген тартипте жана мөөнөттө:

- Жаңы түзүлүүчү ишкананын аталышын аныктап, Уставын, курамын жана штаттык бирдигин бекитип, тиешелүү мамлекеттик органдардан каттоодон өткөрсүн.
- Барскоон жана Тамга айыл аймактарында мурда иш алып барып келген бирикмелердин, ишканалардын мүлктүк, каржылык абалына инвентаризация жасап, актыларды түзүп, өткөрүп алсын. КРнын

Граждандык кодексинин 224 жана 227-беренелерине, КРнын “Мүлккө муниципалдык менчик жөнүндө” Мыйзамынын 1-беренесине ылайык жаңыдан түзүлүп жаткан ишканага берилүүчү муниципалдык менчиктерди бекитип берүү тууралуу ишкана менен келишимдерди түзсүн. Чарбалык колдонууга жана ыкчам башкарууга берилген муниципалдык мүлктөрдүн реестрин түзүп чыксын.

- Уставдык максаттар менен милдеттерге жетүү үчүн, ошондой эле калкка кызмат көрсөтүүнү жаңы деңгээлге көтөрүү максатында түзүлүп жаткан ишканага уюштуруу, каржылык, консультациялык жардамдар көрсөтүлсүн.
- Квалификациялуу жана кесипкөй адистерди тартуу, уставдык максаттар менен милдеттерге жетүүдө атаандаштык жол менен татыктуу кадр тандоо, ошондой эле субъективдүүлүк жана коррупциялык факторлорду болтурбоо максатында жаңы түзүлүп жаткан ишкананын жетекчисин жана кызматкерлерин жумушка кабыл алууда КРнын Эмгек Кодексинин 14, 16, 17 жана 323-беренелерине таянып, ачык конкурс уюштуруу жолу менен иш алып баруу сунушталат.
- Жаңы түзүлгөн ишкананын ишмердүүлүгү, аткарылган иштер тууралуу отчетту 6 айдын жыйынтыгы менен кеңештин сессиясына алып чыксын.

3. Барскоон жергиликтүү кеңешинин “Муниципалдык ишкана түзүү жөнүндө” 2024-жылдын 23-июлундагы №41-токтому күчүн жоготту деп табылсын.
4. Токтом айыл аймактын веб-сайтына жарыялансын.
5. Токтомду веб-сайтка жарыялоо жана Кыргыз Республикасынын ченемдик-укуктук актылар реестрине каттоо кеңештин жооптуу катчысы Н.Шабданбаевага милдеттендирилсин.
6. Токтомдун аткарылышын көзөмөлдөө кеңештин төрагасы Ч.А.Ажыбековго милдеттендирилет.

**Төрага** **Ажыбеков Ч.А.**

Жиберилди: айылдык кеңештин иш кагаздарына 1-нуска, юстицияга -2 нуска, айыл өкмөтүнүн иш кагаздарына -1 нуска, баардыгы – 4 нуска